УДК 82/821.0

Койлубаев К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ДООР ЖАНА АДАБИЯТ

Изилдөөгө бута кылып алынган ар бир эле нерсени терең билиш үчүн анын башатына, тарыхына кайрылууга аргасызбыз. Бир нерсенин алгачкы башталышын, себебин издөө - адамдын табигый адаты. Тигил же бул кубулуш менен кабылышканда, ал, сөзсүз, качанкы бир кездерде мифтерди пайда кылган "Эмнеден башталган", "Кайдан", "Кантип" деген өңдүү суроолорду берет. Ага жоопту издөө адам баласы басып өткөн доорлорго алып барат. Ал эми биздин акындардын тарыхы жөнүндө кеп кылуу искусствонун жаралуусун кароого алып келет. Анткени алгачкы искусство синкреттүү болгон. Же болбосо искусствонун тарыхына кайрылуудан **доор** түшүнүгү келип чыгат. Ар бир доордун дүйнөнү кабыл алуудагы өзүнө гана мүнөздүү болгон түшүнүктөрү, элестетүүлөрү бар. Ал философиялык, диний, саясий, илимий, моралдык жана этикалык нормаларды кабыл алуудагы өзгөчөлүктөрдөн, коолдукту баалоонун эстетикалык чен-өлчөмдөрүнөн турат. Бул көз караштан алганда бир доор башкасынан кескин айырмаланат. Ал эми акындар өз доорунун анык сүрөткерлери болгондуктан, өз мезгилине жараша, доордук өзгөрүүлөргө байланыштуу аларда да башкаларга окшобогон өзгөчөлүктөр болот. Анткени коомдо жашап туруп андан сырткары болуу эч мүмкүн болбогондуктан, "сүрөткерди доор жаратат", "чыгаанды доор чыгарат" деп айтылат.

Ошондой эле иликтөөгө алынган нерсени таап далилдөө үчүн тарых, археологиялык казуулар жардамга келет. Андан да табылбаганды "Баарынын башында Сөз болгон" демекчи, элдик оозеки чыгармачылыктан дагы тапса болот. Мисалы, немец археологу Генрих Шлиман "Илиадада" сүрөттөлгөн окуяларды негиз кылып, байыркы шаарлар Троя, Миккена, Тиринф жайгашкан жерлерге казуу иштерин жүргүзүп биринчи болуп Миккеналык маданиятты ачкан. Казуулардан белгилүү болгондой, "Илиадада" алтыны мол деп аталган Миккена шаарынын ордунан чынында эле алтын көп табылып, чыгармадагы чындык далилденген. Ошол эле жерден "Илиадада" айтылган Нестор чалдын чөйчөгүндөй чөйчөк да табылгандыгы маалым. Же болбосо, кыргыздын турнабайдай суурулма комузу сакталбай калганы менен, Арстанбектин андай комузунун сөз менен тартылган чиймеси ж.б. жетип отурат.

Оозеки чыгарма – сөз искусствосу; элдик оозеки чыгармачылыкты жана адабиятты бириктирүүчү түшүнүк. Ал качан жана кантип пайда болгон? Бул суроого жооп берүү үчүн адамдын оюу, жогоруда айтылып кеткендей, мезгилдин терең катмарларына кирген. Демек, адам баласы басып өткөн доорлорду сөз кылбай кетүү мүмкүн эмес. Мына археологиялык казуулар эчак жок болуп кеткен байыркы чыгыш маданиятын XIX кылымда эле ачты. Анын негизинде классикалык рим грек адабияттары байыркы болбостон, египет, шумер, вавилон адабияттары андан эзелки болуп чыгып, алардын катарында эчактан бизге тааныш болгон Библиянын тексттери "жаш баладай" эле көрүнүп калды.

Тарыхка чейинки доорлордун алгачкысы - *мифологиялык доор*. Ал оозеки чыгармачылыктын алгачкы көрүнүштөрү пайда болгон, сыйынуулардын алгачкы түшүнүктөрү жана ишенимдердин караандары калыптана баштаган мезгил. Бул мезгилдин башатын болжолдоо оор. Биз жашаган аймактарда байыркы отурукташуулар палеолит жана мезолит (таш дооруу) доорунда эле болгондугун (Он-Арча, Кожобакыргансай) тарыхчылар белгилешип, казуу иштери менен да аны далилдешкен. Бул доор бизге үңкүр дубалдарына мергенчилик сыйынуулары менен байланышкан байыркы сүрөттөрдү калтырган, анткени ал учурдагы кишилердин негизги кесиби жыйноочулук, мергенчилик болгон. Аңга чыгуу, аң уулоо деген сөз ошол учурдан

калышы толук мүмкүн. Анткени алгачкы адамдар жаныбарларды терең казылып, үстү аларга билинбегендей жашыруун жабылган аңдарга айдап келип түшүрүп, же уу берип кармашкан. Жаныбарлардын турпаттарынын чагылдырылышынан тышкары, магиялык бий, белгилүү бир ырым-жырым өткөрүп жаткан чүмбөттөлгөн (маска) мергенчилер да тартылган. Ошентип, фольклордун башат түрү жаралган биринчи доор палеолит болуп эсептелет. Тиричиликтин негизги түрү мергенчилик менен байланышкан сыйынуунун жана мергенчилик магиясынын алгачкы баскычы түзүлгөн, жалпылап айтканда, драмалык-бий түрүндө көрсөтүлгөн (ыргактык кыймылдар, үндөр, жаңдоо).

*Экинчи доор - мезолит* же таш доору болуп эсептелет. Бул эмгек куралдарын таштан, биринчи кезекте, мергенчиликке керектүү куралдарды жасап колдонуп баштаган учур. Ал доордо адамдар аң уулоодон башка балыкчылыкты өздөштүрүп, жаныбарларды ыйык деп санап, үйрөтүп башташкан. Коомдук өнүгүүнүн бул учурунда мурункуга салыштырмалуу жаныбарларга, өсүмдүктөргө, жаратылыш кубулуштарына, ошондой эле магиялык мааниси бар делинген ар түрдүү нерселерге (таш, кар жилик, далы, чүкө, томпой ж.б сөөктөр) сыйынуулар жаралган. Элдердин сыйынуу иш аракеттерине байланышкан алгачкы ырым-жырымдар да ошондо пайда болгон. Элдин жашоосуна зарыл шарт катары отко сыйынуу дагы ушунда пайда болушу мүмкүндүгү айтылат.

*Үчүнчү доор протонеолит* - мал чарбачылыктын өнүгүшү менен элдер отурукташып жашоого аргасыз болушкан мезгил. Алгачкы жер иштетүү, уруулук биримдиктердин пайда болушу мына ушул өзгөрүү менен байланыштуу. Отрукташып жашоо мүнөзү - өздөрүн курчаган чөйрөнү өздөштүрүп үйрөнүүнү, асман кубулуштарына көз салууну шарттаган. Бул жаратылыш, адам жана аалам жөнүндөгү биринчи мифтер пайда болгонго чейинки астралдык - күн, ай, жылдызга сыйынуулардын пайда болушуна алып келген.

*Төртүнчү доордодо* алдынкы ишмердүүлүк жер иштетүү болгон, өз учуру үчүн өнүгүүнүн жогорку деңгээли бар, мал чарбачылыгы жакшырган, бакча багбанчылыгы колдонулган, алгачкы кол өнөрчүлүк (жыгач иштетүү, чопо идиштерин бышыруу, темир иштетүү) пайда болгон неолит же жез кылымы (б.з.ч. 4-3-к.). Бул доордун негизги жетишкендиги ичине от жагыла турган үйлөрдүн пайда болушу эле. Бул факторлор сөз өнөрүнүн белгилүү бир деңгээлде кеңейишине алып келген. Үй ичинде от жагуунун пайда болушу отко сыйынууну өзгөртүп, очокко сыйынуу пайда болгон (Отко киргизүү, арча түтөтүү, учуктоо). Бабаларынын жаралышын анын табияты менен байланыштырган ошол доордо сөөктү өрттөөнүн алгачкы ырым-жырымдары келип чыккан. Оттон жаралды, кайра өрткө барсын дегендей. Аң уулоодон жер иштетүүгө өтүү патриархаттан сууга, күнгө, жерге, айга, дан өсүмдүктөрү жана андан жасалгандарга сыйынуудан турган матриархатка (аял түшүм берүүчүлүктүн символу катары) өтүүгө алып келген. Жер иштетүү үрп-адаттарынын негизинде календардык ырым-жырымдар жана арбактарга сыйынуу, жаратылыш кубулуштарын кудайга салыштыруу түрүндөгү диндин алгачкы түрү жаралган.

Диндин пайда болушу менен ырым-жырымдарды өткөргөн сыйкырчылардын, шамандардын (маг) ордун диний адамдар алмаштырган. Элдер отурукташып, туруктуу аш бышыруучу чоподон очогу бар жайларда жашашкан, негизги иши жер иштетүү болгон. Арпа, буудай, таруу өстүрүшкөн.

Мына ушул учурларда календардык ырым-жырым циклдери, б.а., адамдардын жер иштетүү менен байланышкан ырым-жырымдары толук калыптанып бүткөн. Байыркы тотемдик жана анимистик түшүнүктөрдүн сакталышына байланыштуу негизги басым жакшы түшүм алуу үчүн жаратылыш күчтөрүнүн көңүлүн алып түлөөлөрдү өткөрүп турууга багытталган. Жаратылыш күчтөрүнүн жана кубулуштарынын көңүлүн алуу салты менен алгачкы динде курмандык чалуу калыптанат, анын ичинде кудай үчүн адамдардан да курмандык кылынган.

*Бешинчи доор – коло доору* (б.з.ч. 2-миң жылдык). Бул доордун негизги мүнөзү белгилүү бир жиктелүүнү жараткан, кийин түрдүү коомдук катмарларды (жер иштетүүчүлөр, аң уулоочулар, кечил, шамандар) калыптандырган уруулуктун уюмдашуусунун бекемделиши. Мында сөөк коюу салтынын түрү өзгөргөн. Кара ашын өткөрүү менен, бийик үйүлгөн коргондорго коюла баштаган. Мындай салт кошок жанрын шарттаган. Сөөк коюу түшүнүктөрүнүнүн кеңейиши менен календардык салт чыгармачылыгы татаалдашып, жылдыгы, ашы болуп кошоктор айтылат. Календардык салттар оозеки ыр саптары менен толукталат. Сөөк коюу ырымдары да татаалдашып, түрдүү оозеки саптар менен коштолгон жана ал биринчи эпикалык жанрдын жаралышына кыртыш болуп калган.

*Алтынчы доор – темир кылымы* (б.з.ч. 8-миң жылдык). Ал коомдун толук катмарлангандыгы, жиктелгендиги, бир никелүүлүк, курал жасоонун, айыл-чарба шаймандарынын, кол өнөрчүлүк жана товар алмашуунун өнүгүшү, эң башкысы мамлекеттүүлүк түзүлүшүнүн жаралышы менен мүнөздөлөт. Бул аскердик коомдун түзүлүшүнө жана баатырдык эпостордун элементтеринин жана башка эпикалык жанрлардын (легенда, жомок) пайда болушуна түрткү болгон. Үй-бүлөлүк туруктуу каадалардын бекемделиши үй-бүлөлүк ырым-жырымга байланышкан бардык жанрлардын пайда болушуна өбөлгө болгон (биринчи кезекте, үйлөнүү жана бешик, алдей ырлары). Темир кылымында туруктуу скиф маданияты негизделген. Б.з.ч. 7-6-кылымдарда скифтер түзүлгөн. Бул учур адамдардын дүйнө жана андагы өздөрүнүн орду жөнүндөгү түшүнүктөр менен байланышкан көркөм чыгармачылыктын биринчи үлгүлөрүн берген. Алардын турмушу тууралуу Геродот ж.б. тарыхчылар жазып калтырган.

Бул саналган доорлордогу өнүгүп өзгөрүүлөрдүн бардыгы – жашоо-шарты, турмуш-жагдайлары, арман-кайгысы, сүйүнүч-кубанычы, дүйнөнү кабыл алуусу, андагы өзүнүн орду ж.б. саймалы таштарда, аска беттериндеги сүрөттөрдө, таш жазууларында жана башка буюм-нерселердин капталдар-кырларында ар тараптуу чагылдырылганга чейин оозеки ыр түрүндө баяндалган. Демек, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында – фольклорунда кеңири чагылдырылган (бул жерде адабиятчылар менен сүрөтчүлөр ортосунда талаш-тартыштар бар). Чын-чынына келгенде, элдик оозеки чыгармачык дагы акындар тарабынан жаралган. Фольклор менен акындар поэзиясынын ортосун мезгил мейкиндиги гана бөлүп турат. Тактап айтканда, узак убакыттын өтүшү менен ырды жаратуучунун ысымы унуткарылган. “Кожожаш”, “Эр Төштүк” эпостору мына ушул байыркы доорлорду чагылдырат.

Байыркы көөнө доорлордо адамдын эс-тутуму коомдук тажрыйбаны, элдер жана болуп өткөн урунттуу окуялар жөнүндөгү маалыматтарды сактоодогу жана өткөрүп берүүдөгү бирден бир жалгыз каражат болгондугу маалым. Андай табигый мүмкүнчүлүгү күчтүү адамдар ыйык деп эсептелинип, башкаларга сыйкырдуу, сырдуу, табышмактуу көрүнүшкөн. Бул бүгүнкү күндө дагы күчүн жогото элек. Алар кимдер дегенде мүмкүн санжырачылар, айтуучулар, манасчылар жана, албетте, аларды кайсы бир деңгээлде бириктирип турган акындар десек болот. Неликтен “Ырчы менен элчиге өлүм жок”, “Сөзү өлгүчө, өзү өлсүн”, “Баш кесмек бар, тил кесмек жок” ж.б. дешкен биздин ата-жотолорубуз. Алардын өмүрүнө болгон кепилдиктин берилиши чындыкты гана угууну шарттаган. Анткени маалыматтын чындык экенин далилдеген каражаттар болгон эмес. Атасынан баласына өтүп уланган бул кесип ээлери өздөрүн ыйык сезишип, калп айтуу кечирилгис чоң күнөө болгон. Тарыхта зарыл болгон маалыматтар шамандар, устаттар тарабынан жөн гана жатталып алынган, ал эми алыскы аймактарга “жандуу каттарды” – чабармандарды жөнөткөн жазуусу жок, бирок өз учуру үчүн өнүккөн коомдор болгон. Аттиланын “Баатырың миң, башчың бир болсо, өсөсүңөр, башчың миң, баатырың бир болсо, өлөсүңөр” деген керээзин Төлгөчү Кара Төлөк бизге ушул жол менен жеткизди. Кийинки эле Тилекмат чечен Тезек төрөгө баратканда

көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай айтып берген бир жигит кошуп бергиле деп элден сураган. Мындай мисалдардан бир канчасын келтирүүгө болот. Кыргыздын санжырачылары, чечендери, манасчылары жана акындары жандуу китептер эмеспи. Алар элибиздин тарыхын, кулк-мүнөзүн, нускасын, нарк-насилин ж.б. жадында сактап, өнүктүрүү менен санжыраны, эпосту эч качан өздөрү каалагандай өзгөртпөстөн, өзөктүү окуялардан чыкпастан улам кийинки муунга өткөрүп берген. Дүйнө элдеринин байыркы чыгармаларынын бардыгы эле алгач оозеки айтылып, эс-жадында сакталып, улам кийинки муунга өткөрүлгөн. Албетте, анан улам кийинки доордук толуктоолор, кошумчалар болбой койгон эмес. Эпикалык сезимине жана жеке шык-талантынын өзгөчөлүгүнө жараша жаңы идея, образдарды кошушкан, бирок фольклордук салттан эч кимиси чыккан эмес, аны бузууга угуучулар дегеле коом мүмкүндүк берген эмес. Бардык эле байыркы баяндар элдин анык турмушунун тигил же бул тарабына негизделет, элдик турмушту жана билимин чагылдырып, диний ишенимин, социалдык, саясий, моралдык мамилелерин, философиялык көз карашын көрсөтөт. Мына мындан дүйнө элдеринин чыгармаларынын бардыгы четтеп кете алган эмес. Чынында, ал учурдагы тажрыйба өтө жөнөкөй эле. Алгачкы окутуучулар аны өздөштүрүп, тез эстеп калыш үчүн ритмикалык бий жана ыр менен коштогон. Жүздөгөн кылымдар бою ушундай болгон. Эгерде дүйнөлүк адабияттын тарыхын барактасак, анда бардык эле элдер маалыматты бир нерсеге түшүрүп баштагандан мурда эмнеси болсо да “оозеки китеп” доорунан өтүшкөн. Буга чейин кылымдар бою поэмалар оозеки тараган. Аэддер жана рапсоддор, улигерчилер, скальддар, олонхолор, бакшылар, жыраулар, байыркы ырчы, айтуучулар – акындар аны элдик майрамдарда жатка ырдашкан. Бир канча миңдеген саптарды эске сактоо кыйын болгондуктан алгачкы айтуучулар жардам катары сызма тасмаларды, жип түйүндөрүн (музыкалык аспап, теспе), ыргактарды колдонушкан. Ошентип, өз учуруна жараша байыркы адамдын акыл, билим деңгээли өстү жана анын ишмердүүлүгү татаалданды, эс тутумга жаңы жардамчылар пайда болду: чыбык кыркуу, белги, оюу, түйүндөр, акырында сүрөттөр. Окумуштуулар үңкүрлөрдөн жана аскалардан алгачкы адам өзүн курчаган чөйрөсүнө, жаратылышка, жашоосуна болгон таасирин тарткан сүрөттөрдү таап жатышат. Бул искусствонун башаты, бирок ошол эле учурда жазуунун дагы башаты; мында адам биринчи жолу оюн сүрөт аркылуу билдирген.

Адабияттар:


1. История всемирной литературы. - М., 1987.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б., 2002.
3. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Б., 1999.
4. Лоукотка Ч. Развитие письма. - М., 1950.